КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
РАЗЗАКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
МЭРИЯ ГОРОДА РАЗЗАКОВ

**БУЙРУК**

«_____»___________20___-ж. №______ Раззаков ш.

**Раззаков шаарынын аймагында тазалык жана көрктөндүрүүнүн 3-айлыгын жарыялоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” №123-мыйзамынын 27-беренесинин 9-11-пунктарыныны негизинде жана Раззаков шаарынын аймагында тазалык жана көрктөндүрүүнүн 3-айлыгын жарыялоо максатында **Буйрук кыламын:**

1. Раззаков шаарынын аймагында үч айлыкты өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин курамы бекитилсин (1-тиркеме)

3.Раззаков шаарынын аймагында үч айлыкты өткөрүү боюнча иш-чаралар планы бекитилсин (2-тиркеме)

4.Раззаков шаарынын мэриясынын жооптуу кызматкерлерине, “Лейлек-Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчилигине, шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлерине, шаар мэриясынын алдындагы “Раззаков элге кызмат” жана “Исфана Таза-суу” муниципалдык ишканаларынын жетекчилигине, айыл башчыларга:

- Раззаков шаарындагы таштанды таштоочу жайды санитардык нормага ылайык пайдаланууну дайыма көзөмөлгө алуу;
- Раззаков шаарындага жана шаарга караштуу айылдардагы коомдук тамактануучу жайлардын, соода-сатык дүкөндөрүнүн, аялдамалардын, киоскалардын алдында таштанды таштоочу атайын урналарды орнотууга жетишүү;
- жер-жерлерде таштандыларды таштабоо боюнча чакырыктарды илүү, өзгөчө бардык автожолдордун жээгине целлофан пакет жана идиштерди өз убагында жыйып алуу боюнча графиктерди түзүү жана ага Лейлек райондук эмгек, социалдык өнүгүү башкармалыгы тарабынан жөлөк пул алуучуларды жумушка тартууга жетишүү;
- көчөлөрдүн четине төгүлгөн таш-топурактарды тазалоо, иретке келтирүү, үйлөрдү актоону, тосмолорду оңдоону, көчөлөрдүн аталыштарын, үй номерлерин тагууну колго алуу;
- шаардын жана шаарга караштуу айылдардын көчөлөрүнүн бойлоруна отургузулган декоративдүү жана мөмөлүү дарактарды сугаруу, аларды кургап калуудан коргоо боюнча чараларды көрүү;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- сугат суу арыктарын, суу түтүктөрүн оңдоо иштерин андан ары улантуу.

5.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Раззаков шаарынын мэринин орун басары А.О.Разакбердиевге тапшырылсын

**Мэр** **А.С.Жоробаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-03-42, 03.03.2026 Кол койгон: Жоробаев А.С.